**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясы**

## ТОКТОМ № 28

2025-жылдын 23-майы — Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 17-апрелиндеги № 95 сандуу сунуш катын кароо жөнүндө**

“Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасынын 2025-жылдын 26-мартындагы №01-01/442 сандуу катынын негизинде жазылган Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 17-апрелиндеги №95 сандуу сунуш катын карап чыгып, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.“Кыргызмамжердолбоорлоо” жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасы тарабынан 2024-жылдын 7-августундагы №01-5/1346 сандуу каты аркылуу “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасына берген жообунун негизинде Үч-Дөбө-Алай айыл аймагына караштуу “Ак-Босого” участкасы боюнча берилген координаттарга таянып, 2711,5 га жер аянтына экологиялык коопсуздук боюнча корутунду алгандан кийин алтын кенин издөө үчүн геологиялык изилдөө (1-этабына) иштерин жүргүзүүгө макулдук берилсин.

2. “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасы тарабынан изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн суралган 2711,5 га жер аянтын көрсөтүлгөн координаттар боюнча чектерин аныктап, тактап берүү жана мыйзам чегинде иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** — **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 27-июну **№ 29** Сопу-Коргон айылы

**“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндөгү” келишимди бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Кызмат” мамлекеттик мекемесинин 2025-жылдын 6-июнундагы №4767 сандуу катын негиз кылып “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндөгү” келишимдин долбоорун угуп, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана өз алдынча башкаруу жөнүндө” жана “Жергиликтүү башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндөгү” мыйзамдарын жетекчиликке алып Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Кызмат” мамлекеттик мекемеси менен Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн “Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндөгү” келишими бекитилсин.

2.Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Этика жана мыйзамдуулукту сактоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIV сессиясы**

**ТОКТОМ № 30**

2025-жылдын 15-июлу Сопу-Коргон айылы

**Таза суу кампасын курууга жана суу түтүктөрү өтүүчү жер аянттарына токой чарбасы менен келишим түзүү жөнүндө**

Гежиге айылын таза суу менен камсыз кылуу максатында, таза суу кампасын куруу үчүн Гежиге айылы менен Чийлүү участкасы менен кошулган жерден 0,50 га жер аянтын суу кампасын курууга жана айылдын төмөн жагындагы сайга суу тартуучу насос орнотулуучу жерге ошондой эле Көл гежиге участкасынын Ит өтпосүнөн Гежиге айылына чейин суу түтүктөрү тартылуучу жерге Алай токой чарбасы менен түзүлүүчү келишимге макулдук берүү жөнүндө Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 14-июлундагы №160 сандуу сунуш катын карап чыгып, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын караштуу Гежиге айылын таза суу менен камсыз кылуу максатында, таза суу кампасын куруу үчүн Гежиге айылы менен Чийлүү участкасы менен кошулган жерден 0,50 га жер аянтын суу кампасын курууга жана айылдын төмөн жагындагы сай боюна суу тартуучу насос орнотулуучу жерди, ошондой эле Көл гежиге участкасынын Ит өтпосүнөн Гежиге айылына чейин суу түтүктөрү тартылуучу жерди калкты таза суу менен камсыз кылуу максатында пайдалануу үчүн токой чарбасы менен келишим түзүүгө макулдук берилсин.

2.Жогорудагы көрсөтүлгөн жер тилкелерге жана суу түтүктөрү өтүүчү жерге Алай райондук токой чарбасы менен келишим түзүү үчүн юридикалык иш кагаздарын мыйзам чегинде бүткөрүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин айыл чарбасы, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XV сессиясы**

## ТОКТОМ

2025-жылдын 25-июлу **№ 31** Сопу-Коргон айылы

**2025-жылдын 6-айынын жыйынтыгы боюнча айыл аймагындагы жүргүзүлүп жаткан иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык- экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышы жөнүндө.**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 6-айынын жыйынтыгы боюнча айыл аймагындагы жүргүзүлүп жаткан иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык- экономикалык өнүгүү программасынын жүзөгө ашырылышы боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевдин отчеттук билдирүүсүн угуп, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 6-айынын жыйынтыгы боюнча айыл аймагындагы жүргүзүлүп жаткан иштердин жалпы абалы канааттандырарлык деп белгиленсин.

2. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата кабыл алынган аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын негизинде курулуш иштеринин, долбоорлордун, калкты социалдык жактан коргоо иштеринин жүрүшү жана билим берүү, саламаттыкты сактоо мекемелеринин, маданият тармагынын обьектеринин ремонттоо иштеринин жүргүзүлүшү боюнча такай көзөмөлдүккө алып, билдирип туруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

3.Ар кварталдын бүтүшү менен салык төлөмдөрү, жерди ижарага берүүдөн түшкөн акча каражаттары, жайыт акылары боюнча пландардын аткарылышы жөнүндө айылдык кеңешке маалымат берилип турулсун.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет,экономика жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XV сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 25-июлу **№ 32** Сопу-Коргон айылы

**Жергиликтүү маанидеги китепканалардын, маданият үйлөрүнүн, клубдардын маданият тармагында жүргүзгөн иштери жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагындагы жергиликтүү маанидеги китепканалардын, маданият үйлөрүнүн, клубдардын маданият тармагында жүргүзгөн иштери боюнча айылдык кеңештин социалдык-маданий маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматын угуп жана талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагындагы жергиликтүү маанидеги китепканалардын, маданият үйлөрүнүн, клубдардын маданият тармагында жүргүзгөн иштери канааттандырарлык деп белгиленсин.

2. Кыргыз Республикасында даталуу күн деп белгиленген күндөрү кыргыз маданиятын жаш муундарга жеткирүү максатында, байыртадан келе жаткан кыргыз маданиятынын адеп ахлагы, чыгармачылык маданияты тууралуу иш чараларды уюштуруу жана дубал гезиттерге чыгарууну колго алуу жагы маданият кызматкерлерине, жакындан көмөк көрсөтүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык-маданий маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XV сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 25-июлу **№ 33** Сопу-Коргон айылы

**Балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу жөнүндө**

Балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу боюнча айыл өкмөтүнүн жаштар уюмунун төрагасы Искендер уулу Толкунбектин маалыматын угуп жана талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн жаштар уюмунун балдар жана жаштар менен иш алып баруусу боюнча жаштар уюмунун төрагасы Искендер уулу Толкунбектин маалыматы эске алынсын, жактырылсын.

2.Айыл аймагындагы өспүрүмдөрдүн жана жаштардын коомго пайда алып келүү, спортко үндөө, ыймандуулукка тарбиялоо боюнча иш чараларды такай уюштуруп туруу жагы жаштар уюмунун төрагасы Искендер уулу Толкунбекке жана жакындан финансылык колдоо көргөзүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин төрагасынын орун басары Абжапар уулу Мирланга тапшырылсын.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XV сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 25-июлу **№ 34** Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын бекитилген сметасынын киреше жана чыгаша бөлүгүнүн планына өзгөртүү киргизип тактоо жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айылдык кенешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиянын талкуусун угуп 2025-жылдын 15-июлундагы № 2 протоколунун негизинде Үч-Дөбө-Алай айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.”Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин” 115-беренесине ылайык, Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн 2025-жылдын бекитилген сметасындагы салыктын төмөндөгү түрлөрүнүн планына өзгөртүү киргизүү жагы каралсын.

| **К/н** | **Берененинаталышы** | **Берене** | **Бардыгы** | **2025-жыл** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **2-квартал азайтуу** | **3-квартал азайтуу** |
| 1 | Жеке жактардын транспорттук каражаттарына салык | 11312200 | 1277,0 | 438,9 | 838,1 |
| 2 | Айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгы | 11321200 | 50,0 | 50,0 | |
| | **бардыгы** | | **1327,0** | **488,9** | **838,1** |

2.Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн бекитилген сметасынын төмөндөгү беренесинин такталган планга өзгөртүү киргизүү жагы каралсын

| **Бөлүм** | **Бөлүмдүн аталышы** | **Берененин аталышы** | **Берене** | **Бардыгы** | **2025-жыл** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | **2-кв азайтуу** | **3-кв азайтуу** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 70111 | аппарат | Байланыш кызматы | 2212 | 46,4 | | 46,4 |
| 70111 | аппарат | Көмүр алуу | 2224 | 10,0 | | 10,0 |
| | Эк.вопрос(др) | Машинелер жана жабдуулар | 3112 | 692,4 | | 692,4 |
| 70821 | Библиотека | Комур алуу | 2224 | 2,0 | | 2,0 |
| 70823 | Клуб | Машинелер жана жабдуулар | 3112 | 47,5 | 47,5 | |
| 70862 | культмерприятия | Башка кызмат корсотулор | 2215 | 158,5 | 158,5 | |
| 70911 | Дет.сад | Комур алуу | 2224 | 45,0 | | 45,0 |
| 70911 | Дет.сад | Имарттар жана курулмалар | 3111 | 157,4 | 157,4 | |
| 70921 | Ср.школа | Комур алуу | 2224 | 42,3 | | 42,3 |
| 70921 | Ср.школа | | | | | |
| 710 | Соц.коргоо | Башка кызмат корсөтүүлөр | 2215 | 125,5 | 125,5 | |
| | **Бардыгы:** | | | **1327,0** | **488,9** | **838,1** |

3.Жогорудагы акча каражатын 2025-жылдын бекитилген сметасынын киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Алай финансы башкармалыгынан суралсын.

4.Өзгөртүү киргизилген акча каражатын мыйзамдуу, максаттуу жумшоо жана ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөт башчысы М.Ж.Турганбаевке жана СЭӨБнүн башчысы С.Ы.Карыбековго милдеттендирилсин.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин экономика, бюджет жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br><br>АЛАЙ РАЙОНУ<br>ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVсессиясы**

**ТОКТОМ № 35**

2025-жылдын 25-июлу — Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгашалары боюнча 2026-жылга долбоору жана 2027-2028-жылдарга божомолу жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгашалары боюнча 2026-жылга долбоору жана 2027-2028-жылдарга божомолун бекитүү максатында Үч-Дөбө-Алай айыл айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша боюнча 2026-жылга долбоору 57833,4 миң сомго , анын ичинентендөөчү грант 32405,5 миң сом өздүк киреше 25427,9 миң сом, жана өздүк кирешенин ичинен атайын каражаттар 2800,0 миң сомго бекитилсин.

2. Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн 2027-жылга божомолу 61920,3 миң сомго, анын ичинентендөөчү грант 32992,4 миң сом, өздүк киреше 28927,9 миң сом, жана өздүк кирешенин ичинен атайын каражаттар 2800,0 миң сомго белгиленип жактырылсын.

3. Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн 2028-жылга божомолу 66015,8 миң сомго, анын ичинен теңдөөчү грант 32587,9 миң сом, өздүк киреше 33427,9 миң сом, жана өздүк кирешенин ичинен атайын каражаттар 2800,0 миң сомго жактырылсын.

4. Корголгон беренелердин (эмгек акы, социалдык фондуна чегерүүлөр, көмүр, отун жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр) чыгашаларын каржылоо биринчи кезектеги тартипте жүргүзүлсүн.

5. Жогорудагы болжолдуу бюджеттин аткарылышы боюнча тармактардын өнөр-жай, курулуш транспорт, соода байланыш, инвестиция, энергетика маселелери жана социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктап, токтомдуу көзөмөлдөө жагы бюджет боюнча туруктуу комиссиясына, айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге жана СЭӨБнүн башчысы С.Ы.Карыбековго жүктөлсүн.

**Төрага** — **Н.Турсуналы уулу**